## ТАРЫХ / ИСТОРИЯ

**УДК947.084.6(575.2)**
**DOI 10.33514/1694-7851-2024-4-357-362**

**Абдалиева Г.К.**
тарых илимдеринин кандидаты, доцент
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
Бишкек ш.
gulzadaabdalieva@gmail.com
**Бекмуратова Д.З.**
ага окутуучу
Талас мамлекеттик университети
Талас ш.
bekmuratovadinara11@gmail.com
**Жумалиева В.Б.**
ага окутуучу
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
Бишкек ш.
venazhum12@mail.ru

# КАРАОЙ БОЛУШТУГУНДАГЫ БАЙ-МАНАПТАРДЫН КУЛАККА ТАРТЫЛЫШЫНЫН СЕБЕПТЕРИ

**Аннотация:** Совет бийлигинин «Кулактарды тап катары жоюу» саясатынын негизинде Кыргызстандагы оокаттуу дыйкандарга карата массалык репрессия башталган. Макалада Талас кантонунун Караой болуштугундагы бай-манаптарды 1929-жылы кулакка тартылгандыгы тууралуу маалыматтар архивдик булактардын негизинде иликтөөгө алынган.

**Негизги сөздөр:** Совет, бийлиги, Талас, кулак, бай-манап, аймактар, көчүрүү, куугунтук.

**Абдалиева Г.К.**
кандидат исторических наук, доцент
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева
г. Бишкек
gulzadaabdalieva@gmail.com
**Бекмуратова Д.З.**
старший преподаватель
Таласский государственный университет
г. Талас
bekmuratovadinara11@gmail.com
**Жумалиева В.Б.**
старший преподаватель
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева
г. Бишкек
venazhum12@mail.ru

## ПРИЧИНЫ РАСКУЛАЧИВАНИЯ В КАРАОЙ

**Аннотация:** на основе политики советского правительства «Отмена кулачества» в Кыргызстане были начаты массовые репрессии против крестьян. В статье на основе архивных источников исследованы сведения о раскулачивания и конфискации их богатств в Караойском районе Таласского кантона в 1929 году.

**Ключевые слово:** Советская, власть, Талас, кулак, баи-манапы, регионы, раскулачивания, репрессия.

**Abdalieva G.K.**
Candidate of Historical Sciences, Associate Professor
Kyrgyz State University named after I. Arabaev
Bishkek c.
gulzadaabdalieva@gmail.com
**Bekmuratova D.Z.**
Senior Lecturer
Talas State University
Talas c.
bekmuratovadinara11@gmail.com
**Zhumalieva V.B.**
Senior Lecturer
Kyrgyz State University named after I. Arabaev
Bishkek c.
venazhum12@mail.ru

## REASONS FOR THE LOSS OF WEALTH IN KARAOY

**Annotation:** Based on the Soviet government's policy of “Abolition of the kulaks,” mass repressions against peasants were launched in Kyrgyzstan. The article, based on archival sources, examines information about the dispossession and confiscation of their wealth in the Karaoi region of the Talas canton in 1929.

**Keyword**: Council, power, Talas, kulak, bai-manap, aimaktar, kochurүү, kuuguntuk.

**Актуалдуулугу.** XX кылымдын 20-30-жылдарында “кулак” деген термин пайда болуп, карапайым калктын жалданма эмгегинен пайдаланып, байыган совет бийлигинин душмандары катары баа берилген. Калктын көпчүлүгүн түзгөн кедей-кембагалдардын таламын коргогон көрүнүштө элдин бай, элита катмарынын бардык мал-мүлкүн тартып алып, өздөрүн мекенинен алыс жактарга депортациялашкан. Кулактарды тап катары жоюу саясаты бул оокаттуу дыйкандарды бардык мал-мүлкүнөн, жеринен, укуктарынан ажыратуу дегенди түшүндүргөн. Совет мезгилиндеги кулакка тартуу саясаты- элдин тарыхый оор мезгили болгон десек болот.

*Териялык негиздери.* СССРдин курамындагы республикаларда совет бийлигинин кулакка тартуу саясатына объективдүү баа берилген эмес. Тескерисинче, саясат марксизм-ленинизм идеологиясынын таасири астында жүргүзүлгөн. Көптөгөн окмуштуу тарыхчылар өз мезгилинде бул маселеге карай объективдүү пикир айта алышпаган. Себеби, совет бийлигинин жүргүзгөн саясатына каршы пикир айткандар куугунтукка алынышкан. Тактап

айтканда, совет бийлигинини мезгилинде кулакка тартуу саясаты- бул бүткүл элдин моралдык-укуктук жана социалдык-экономикалык потенциалын өнүктүрүүнүн прогрессивдүү процесси катары каралган. Совет бийлигинин ошол мезгилдеги негизги миссиясы социалдык теңсиздикти жок кылуу жана коллективдүү чарбаларды түзүү менен өлкөнүн социалдык-экономикалык абалын оңдоо болгон. [2]

XX кылымдын 20-30-жылдарында бай-манаптардан мал-мүлкү конфискацияланып, өздөрү Кыргызстандын ички аймактарына же республикадан тышкы аймактарга сүргүнгө айдалышкан. Республикадан тышкаркы аймактарга көчүрүү процесси массалык түрдө 1927-жылы башталган. Алгачкылардан болуп, 21 бай- манап, андан соң 1929-жылдары 44 бай-манап республикадан тышкаркы аймактарга депортацияланышкан.

Көз каранды эместикти алгандан кийин совет бийлигинин кулакка тартуу саясатын сындаган көз караштагы изилдөөлөр болду. Бирок дагы да архивдик жана талаа материалдарынын негизинде терең изилдөөлөрдү талап кылат.

1929-жылы 27-январда БКП(б) Кыробком Аткаруу Бюросунун жабык жыйынында бай-манаптарды көчүрүү боюнча иш-чаранын планы бекитилип, көчүрүү ишин көзөмөлдөө үчүн республикалык жана кантондук комиссиялар түзүлгөн. Алгач, 1928-жылы 13-ноябрда БКП(б)нын Кыргыз Обкомунун Атакаруу Бюросунун жыйынында Кыргыз АССРинен тышкы аймактарга көчүрүлө турган бай-манаптардын тизмеси такталып, 30-35 бай-манапты көчүрүү каралган. Бирок, 1929-жылы 4-февралда Кыргыз АССРинин БАК жана Эл Комиссаарлар совети Каракол, Нарын, Талас кантондорунан жана Ош округунан совет бийлигин орнотууга тоскоолдук кылган таасири күчтүү деп эсептеп, 44 бай-манапты көчүрүү боюнча токтом чыгарган. Бул токтомдо бай- манаптарга карата совет бийлигине каршы үгүттөө иш аракеттери, уруулардын ортосундагы чыр-чатакты күчөтүү, республиканын маданий жана экономикалык жактан өнүгүүсүнө тоскоолдук кылуу сыяктуу айыптоолор тагылган. Жогорудагы токтомдун негизинде 1929-жылы февраль-март айларында Кыргыз АССРинин Каракол, Нарын, Талас кантондорунан жана Ош округунан 44 бай-манаптын мал-мүлкү конфискацияланып, өздөрү республикадан тышкаркы аймактарга көчүрүлүшкөн. Алардын ичинен Талас кантонунан көчүрүлгөндөрдүн 12 үй-бүлө мүчөлөрүнүн жалпы саны 158 адам болсо, алардын ичинен 73ү жашы жете электер болгон [1. 252-б. ].

Талас кантонунан көчүрүлө турган 12 бай-манаптын ичинен Нанаев Токтогул жана Батырбай Маралбаев Кара-Ой болуштугунан бай-манап катары совет бийлигинин душмандары деп эсептелип, республикадан тышкары депортация болууга дуушар болушкан.

Караой болуштугунун №4 айылындагы бай Батырбай Маралбаевди көчүрүү иши боюнча кантондук комиссиянын жана үчтүктөр комиссиясынын маалыматына таянсак, бай Батырбай Маралбаевди көчүрүү аракеттери 1929-жылы 5-февралында башталган жана Маралбаевдин үй-бүлөсү тарабынан качуу аракеттери болгон эмес. Анкени, камакка алуунун максаты Маралбаевдердин үй-бүлөсү үчүн алгач белгисиз болгон. Бир гана үчтүктөр комиссиясы билген (1 киши борбордук бийликтин өкүлү, 1 ОГПУдан, 1 жергиликтүү кызматкерден турган топ). Эртеси 6-февралда айылдык советтин мүчөлөрү чакырылып, кедей-кембагалдардын жыйынында бай Маралбаевди көчүрүү тууралуу маалыматты жарыялашкан.

Бул жарыядан соң, жыйынга катышкан айрым кедей-кембагалдар жана Маралбаевдин тууганадары бул чечимге каршы чыгышып, Маралбаевдин эч кимге зыяны жок экендигин айтышкан. Бирок, атайын даярдалган кедей-кембагалдардан чыккан актив Маралбаевди колдоп чыккандардын пикирин четке кагып, совет бийлигин курууда Маралбаевдин зыяндуу

жактарын айтып чыккан. Жыйынтыгында, (Маралбаевди колдогондордон тышкары) жыйынга келген кедей-кембагалдардын макулдугу менен Маралбаевди көчүрүү тууралуу өкүм кабыл алынган.

Жалпысынан, Маралбаевдин иши боюнча болгон эки жолку жыйында 200 ашык адам катышкан. Көчүрүү иштери боюнча комиссиянын мүчөлүгүнө көрсөтүлгөн 15 адам төмөндөгү байларды да көчүрүү сунушун киргизишкен. Алар: Асран Бакаев, Кадыркул Артыкбаев, Мойнак Садыков, Токтогул Кутанеев, Чула Джанчаков, Алиман Чалов, Нурманбет ж.б. Бирок, Маралбаевден башка эч ким көчүрүлбөйт деп элди жоошутушкан.

Таш-Дөбө участкасындагы жыйында көчүрүлө турган бай Батырбай Маралбаевдин жактоочулары анын уулу Жунусалыны көчүрбөөнү талап кылышкан. Карой болуштугундагы №4 айылдык советтин мүчөсү Сурахан Умаров, Маралбаевдин туугандары, Джумалы Маралбаев, Айылчы Сулпиев, Балбай Малдыбаев кедейлер арасында Маралбаевди жактаган үгүт жүргүзүшкөн. Жыйынтыгында, кедей-кембагалдардын бир бөлүгү Маралбаевдин чарбасы баласы менен бөлүнбөгөндүгүн тастыкташкан жана Маралбаевди айдоо тууралуу өкүмгө жыйынга катышкан адамдардын көпчүлүгү добуш беришкен. Бирок, өкүмгө кол коюуга келгенде 80 адам өздөрүнүн айткан сөздөрүнөн баш тартышып, чогулуштан чыгып кетишкен. Натыйжада баш-аламандык пайда болгон. Комиссия түшүндүрүү иштерин жүргүзүүгө аракет кылышкан.

Мындан тышкара, архивдик маалыматтарда бай-манаптарга жан тартып, аларды коргогон советтик кызматкерлер болгондугун архивдик маалыматтар тастыктайт. Карой болуштугунун № 4 айылынан айылдык советтин мүчөсү Сурахан Умаров бай Батырбай Маралбаевдин таламын талашышкан. Бай-манаптарды көчүрүүнү колдогон, активдүүлүгүн көрсөткөн дыйкандар советтик жана коомдук уюмдардагы жооптуу кызматтарга дайындалган [, л.210]. Тескерисинче, бай-манаптарды колдоп, совет бийлигине каршы үгүт жүргүзгөндөргө катуу чаралар көрүлүп, сот жообуна тартылган же ээлеген кызматынан бошотулган[ 3, с.37].

Кулакка тартуу саясатынын жүрүшүндө бай-манаптардын уулдары жана жакын туугандары өз алдынча чарба күтүп, айыл чарба салыгын төлөп тургандарына карабастан, мүлктү бөлүштүрүүчү акт жок болгондуктан, чарбасы бөлүштүрүлгөн эмес деген тыянак менен мал-мүлкү конфискацияланып, үй-бүлөсү менен депортациялоо өкүмү күчүндө калган [ 5, л.107]. Алсак, Талас кантонунун Карой болуштугунун №6 айылынан 3 баласы менен кошо Оренбургга депортацияланган Нанаев Токтогулдун балдары Ибраим Токтогулов, Исраил Токтогулов, Касымкул Нанаевдер Бүткүл Россиялык БАКне Калининге жазган арыздарында Кыргыз АССРда мурда бөлүштүрүүчү акттын болбогондугун, бөлүштүрүүчү акт 1928-жылдан баштап түзүлүп башталгандыгын, бирок тилекке каршы республикада 1929-жылга карай көпчүлүк кишилер, дээрлик баары мүлктү бөлүштүрүүчү акт түзүшпөгөндүктөрү тууралуу маалымдашкан.

Токтогул Нанаевдин улуу уулу Ибраим Токтогулов 1895-жылы туулган. Ал 18 жашка чыкканда үйлөнүп, атасынан бөлүнүп кеткен, Ибраимдин үй-бүлөсү 6 адамдан турган. Ага таандык 350 кой, 2 төө, 22 жылкы, 5 ири мүйүздүү малы болгон. Ибраим Токтогуловдун арызында 1922-жылдан баштап азык-түлүк салыгын (продналог) төлөп келгендигин белгилейт. Ошондой эле экинчи уулу 29 жаштагы Исраил Токтогулов болсо, 19 жашынынан баштап атасынан бөлүнүп өз алдынча жашагандыгын жазган. Исраил Токтогуловдун үй-бүлөсү 4 адамдан турган. Анын 330 кою, 25 жылкысы, 5 ири мүйүздүү малы конфискацияланган.

Ал эми 1909-жылы туулган уулу Касымкул Нанаевдин ошол кезде 20 жаштагы 1924-ж. тартып атасынан бөлөк жашагандыгы тууралуу Караой волосттук аткаруу комитети (волатком) тарабынан берилген справкасын, ВЛКСМге мүчө экендигин далилдеген күбөлүгүн комиссия тартып алган. Касымкул Нанаевдин өзүнүн үй-бүлөсү 4 кишиден турган жана 50 кою, 7 жылкысы, 2 уюу, 1 төөсү конфскацияланган. Алар арызында «падышачылык эмес советтик тарбияда чоңоюп, окуп, советтик системага төп келген идеялары жана максаттары болгондугуна карабастан болгону Токтогул Нанаевден балдары болгондугу үчүн үй-бүлөлөрү менен эң жаман абалга туш болгондуктарын» белгилешет.

Нанаевдердин үй-бүлөлөрүнүн баардык мал-мүлкүн конфискациялап, жолго деп болгону 686 рубль беришкен. Оренбург округуна айдалышкан Нанаевдердин жалпы үй-бүлө мүчөлөрүнүн саны жаш балдарды кошкондо 17 киши болгон. Алар иштегенге жумуш, иштеткенге жери жок Оренбург округунда тамак-аштан кыйналгандыгын билдиришкен. Нанаевдин балдары Ибраим, Исраил, Касымкул ушул эле катты ошол кездеги РСФСР Наркомюст Крыленкого да жолдошкон [8, л.37-40].

Жыйынтыгында, Совет бийлигинин мал-жандыктарды конфискациялоо саясатына каршы малдарын союп, сатып жок кылуу аракеттери катталган. Мисалы, 1928-1929жж. Талас районунда жашаган кулак деп айыптылган киши карамагындагы 560 коюн, 52 жылкысын, ал эми 1929-1930-жж. 170 коюн, 27 жылкысын союп же мыйзамсыз жолдор аркылуу сатып жок кылган. Зордук-зомбулук менен коштолгон колхоздоштуруу саясатына каршы болушкан айрым орто чарба барлар малдарын союп, сатып жок кылуу кадамына барууга аргасыз болушкан. Кээ бир жерлерде айдалган кулактардын малы кедейлерге бөлүнүп берилген. Бирок кедейлер бай-манаптардан алган малдарын союп, сатып жок кылган учурлар да катталган [ 7].

Бай-манаптарды Кыргызстандын аймагынан көчүрүү жана алардын мал мүлкүн конфискациялоо боюнча көрсөтмөгө ылайык, көчүрүлгөндөргө таандык малды конфискациялоо учурунда алардын менчигинде көчмөн чарбаларда киши башына ири мүйүздүү малга которгондо 3 баштан, бирок бир чарбага 15 баштан көп эмес, жарым көчмөн чарбаларда киши башына 2 баш бирок 1 чарбага 10 баштан көп эмес нормадагы, негизинен майда мал калтырылган.

Жыйынтыктап айтканда, 1934-жылдын 24-майында чыккан СССР Борбордук аткаруу комитетинин «Мурдагы кулактардын жарандык укуктарын калыбына келтирүүнүн тартиби жөнүндө» токтому боюнча, буга чейин жарандык укуктарынан ажыратылган “спецпоселенец” статусу бар кулактардын укуктары жеке тартипте калыбына келтириле баштаган. 1953-жылы И. Сталин өлгөндөн кийин гана совет бийлиги “кулакка тартуу” саясатынан расмий түрдө толугу менен жоюлган. СССР Министрлер Кеңешинин 1954-жылдын 13-августундагы № 1738 – 789сс «Спецпоселенец мурдагы кулактардан чектөөлөрдү алып салуу жөнүндө» токтому чыгып, сүргүнгө айдалган акыркы “кулактарга” эркиндик берилген.

**Колдонулган адабияттар**


1. Ботоноев Ж.С., Политика «раскулачивания» советской власти: новый взгляд (20-30-е гг. XX в.) //Wschodnioeuropejskie Czasopismo Naukowe (East European Scientific Journal) | HISTORIA I ARCHEOLOGIA. T. III, 2015, – С. 85.
2. Малабаев. Дж., Борьба киргизской парторганизации за укрепление Советов [Текст]. Фрунзе. 1962. – С.73.

3. Протоколы заседаний Исполбюро и материалы № 7-25//КР БМА , ф.10, 5.
4. Протоколы заседаний Исполбюро №58-60//КР БМ КСДА, ф.10, оп.1, д.200.
5. Кызыл Кыргызстан, 1932, № 5.
6. Кыргызстандын тарыхы. Байыркы мезгилден бүгүнкү күнгө чейин. 3 т
7. КРнын Борбордук мамлекеттик архиви. Ф. 21, О. 4, д.16 34-35-39-40-бб.;
8. Талас облустук мамлекеттик архиви. Ф. 485, О. 1, д. 105, 112, 59-60-61-82-83-90-бб.
9. КР БМА, ф. 21, оп. 4, д. 16 оп.1, д.201

**Рецензент: тарых илимдеринин кандидаты, доценттин м.а. Жолдошев Н.Ж.**